DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2021

*Шерова А.К.*

# АНЛАУТ ҮНСҮЗДӨРДҮН «МАНАС» ЭПОСУНУН ТЕКСТИНДЕ КОЛДОНУЛУШУ

*Шерова А.К.*

# УПОТРЕБЛЕНИЕ АНЛАУТНЫХ СОГЛАСНЫХ В ТЕКСТЕ ЭПОСА «МАНАС»

*A. Sherova*

# THE USE OF ANLAUT CONSONANTS IN THE TEXT OF THE EPIC «MANAS»

*УДК: 81'34*

*Бул макалада «Манас» эпосунун текстиндеги үнсүздөрдүн сөз башында колдонуу өзгөчөлүктөрүн статистикалык жактан териштирүү максаты көздөлөт. «Манас» эпосунун текстиндеги сөз башы үнсүздөрүнө статистикалык илик жүргүзүү үчүн «Манас» эпосунун Жусуп Мамай нускасы тандалып алынып, компьютерде териштирүү аркылуу нусканын текстинде үнсүздөр сөз башында 564 359 (беш жүз алтымыш төрт миң үч жүз элүү тогуз) ирет колдонулганы анык болду. Фоностатистикалык иликте эпос текстиндеги үнсүздөрдүн сөз башында колдонуу жыштыгы менен үлүшү, алардын топтук статистикалык салмагын аныктоо өңүтү каралды жана ошондой эле эпос нускасындагы үнсүздөрдүн сөз башындагы колдонулушу үнсүз тыбыштардын ажыратуу белгилеринин деңгээлинде анализденди. Бул өңүттөгү изилдөөлөр тилибиздеги үнсүздөр системасынын колдонулушу жана алардын аркалаган функционалдык жүгү жөнүндө баалуу маалыматтарды берет.*

***Негизги сөздөр:*** *«Манас» эпосу, үнсүздөр, тыбыш, фоностатистика, сөз башы, үлүш, жыштык, эпос тексти, топтук салмак.*

*Целью данной статьи является статистическое исследование особенностей употребления согласных в позиции начала слова в тексте эпоса «Манас». Для проведения данного исследования был выбран вариант Джусупа Мамая эпоса «Манас» . По компьютерному анализу было выявлено, что в начале слова использовано 564 359 согласных (пятьсот шестьдесят четыре тысячи три сто пятьдесят девять) в тексте эпоса «Манас». В фоностатическом исследовании изучалась частота и доля употребления согласных звуков, был выявлен их групповой статистический вес употребления в позиции начала слова. А также фоностатистическому изучению подверглись на уровне различия знаков частоты и доли употребления согласных звуков в начале слова. Подвергнутые исследованию статистические данные позволяют определить функциональную силу и артикуляторную базу согласных звуков.*

***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», согласные, звук, фоностатистика, позиция начала слова, доля, частота, текст эпоса, групповой вес.*

*The purpose of this article is a statistical study of the features of the use of consonants in the position of the beginning of the word in the text of the epic «Manas». For this study was chosen a variant of the Dzhusup Mamaya epic «Manas». According to computer analysis, it was revealed that 564,359 consonants (five hundred sixty-four thousand three hundred and fifty-nine) were used at the beginning of the word in the text of the epic «Manas». In a photostatic study, the frequency and proportion of the use of consonant sounds were studied, their group statistical weight of use in the position of the beginning of the word was revealed. And also, phonostatistical study was carried out at the level of differences in the signs of frequency and the proportion of the use of consonant sounds at the beginning of a word. The statistical data subjected to the study allow us to determine the functional strength and articulatory base of consonant sounds.*

***Key words:*** *epic «Manas», consonants, sound, phonostatistics, the position of the beginning of the word, fraction, frequency, the text of the epic, group weight.*

Макалада эпос текстиндеги үнсүздөрдүн сөз башында колдонуу өзгөчөлүктөрүн статистикалык жактан териштирүү максаты көздөлөт.

Ошентип, эпос текстинде колдонулган үнсүз тыбыштардын сөз башында колдонуу фоностатистикасы төмөнкүчө тастыкталат:

**Тексттеги үнсүздөрдүн сөз башындагы статистикасы**

| № | Тыбыш | Жыштыгы | Үлүшү | № | Тыбыш | Жыштыгы | Үлүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | қ | 109 555 | 19,41 | 12 | х | 4 049 | 0,72 |
| 2. | б | 101 207 | 17,93 | 13 | з | 2 423 | 0,43 |
| 3. | к | 71 581 | 12,68 | 14 | г | 1 913 | 0,34 |
| 4. | ж | 68 305 | 12,10 | 15 | п | 1 312 | 0,23 |
| 5. | т | 60 507 | 10,72 | 16 | л | 326 | 0,06 |
| 6. | с | 39 398 | 6,98 | 17 | ғ | 197 | 0,03 |
| 7. | м | 33 490 | 5,93 | 18 | й | 61 | 0,01 |
| 8. | д | 28 212 | 5,00 | 19 | в | 55 | 0,01 |
| 9. | ч | 27 711 | 4,91 | 20 | р | 19 | 0,00 |
| 10. | н | 7 244 | 1,28 | 21 | ф | 1 | 0,00 |
| 11. | ш | 6 793 | 1,20 | | **Бардыгы** | **564 359** | **100%** |

Көрүнүп тургандай, эпос текстинин сөз башында 21 үнсүз 564359 ирет кайталанып

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



колдонулган экен. Мында тек гана *ң* тыбышы катталган эмес. Ал эми 1 ирет катталган *ф* тыбышын эсепке албай койсо да болот.

Ошентип, сөз башындагы 21 үнсүз колдонуу жыштыгы жана үлүшү жактан беш топко бөлүнөт:

1. Эң жыш колдонулганы – *қ, б* тыбыштары, сөз башындагы үнсүздөрдүн 37,35% үлүшүн түзөт.

2. Жыш колдонулган 2-топ курамына *к, ж, т* үнсүздөрүн камтыйт: үлүшү - 25,94%.

3. Орто жыш колдонулган 3-топ курамына *с, м, д, ч* үнсүздөрүн камтыйт: үлүшү - 22,82%.

4. Сейрек колдонулган 4-топ курамына *н, ш, х, з, г, п* тыбыштарын камтыйт: *н* (7244 – 1,28%), *ш* (6793 – 1,20%), *х* (4049 – 0,72%), *з* (2423 – 0,43%), *г* (1913 – 0,34%), *п* (1312 – 0,23%). Топтун жалы үлүшү - 4,2%.

5. Өтө сейрек колдонулган 5-топтун курамы: *л* (326 – 0,06%), *ғ* (197 – 0,03%), *й* (61 – 0,01%), *в* (55 – 0,009%), *р* (19 – 0,003%), *ф* (1 – 0,0001%). Топтун жыштыгы - 659, үлүшү - 0,12%.

Үнсүздөрдүн дистрибуциясына тиешелүү заң-эрежелер сөз башында да даана байкалат. Муну сейрек жана өтө сейрек колдонулган топтор ачык көрсөтөт. Тактап айтканда, сөз башында сейрек топтун (үлүшү 4,2%) колдонулушу жумшак чектелген мүнөздө болсо, өтө сейрек колдонулган топ (үлүшү 0,12%) үчүн катуу чектелген мүнөздө болот.

Эми фоностатистикалык талдоону үнсүздөрдүн ажыратуу белгилеринин деңгээлинде уланталы.

**1. Жасалуу ыгы.** Артикуляциялык мүнөздөгү бул белги үнсүздөрдүн жасалышына негиз болгон тоскоолдон өпкөдөн чыгып келаткан аба агымы жарылып же жылчык аркылуу кысылып өтөрүн билдирет. Ошондуктан бул белги жарылма-жылчыкчылдык белгиси деп аталат да, үнсүз тыбыштарды жарылма жана жылчыкчыл үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт [6, 114].

**Жарылма үнсүздөр.** Курамы: *қ, б, к, ж, т, м, д, ч, н, г, п* жалпы жыштыгы - 511037, үлүшү - 90,55%≈ 90%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулганы – *қ, б* тыбыштары, топтун жыштыгы - 210762, үлүшү - 41,24%.

2. Жыш колдонулган 2-топ курамына *к, ж, т* тыбыштары камтыйт: топтун жыштыгы - 200393, үлүшү - 39,21%.

3. Орто жыштыктагы 3-топтун курамы: *м* (33490 – 6,93%), *д* (28 212 – 5,84%), *ч* (27711 – 5,42%). Топтун жыштыгы - 89413, үлүшү - 17,50%.

4. Сейрек колдонулган 4-топ курамына *н* тыбышы кирет: жыштыгы - 7244, үлүшү - 1,50%.

5. Өтө сейрек колдонулган 5-топтун курамына *г, п* тыбыштары кирет. Топтун *ы* жыштыгы - 3225, үлүшү - 0,67%..

Ошентип, эпос текстинде сөз башын уюштурууга катышкан жарылма үнсүздөрдүн жалпы жыштыгы - 511037, үлүшү - 90%. Булар статистикалык салмагы боюнча төмөнкүчө жайгашат: 1-топ *(қ, б)* 41,24%; 2-топ *(к, ж, т)* 39,21%; 3-топ *(м, д, ч)* 17,50%; 4-топ *(н)* 1,50%; 5-топ *(г, п)* 0,67%.

**Жылчыкчыл үнсүздөр.** Курамы: *с, ш, х, з, л, ғ, й, в, р, ф* жалпы жыштыгы - 53322, үлүшү - 9,45% ≈ 10%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулганы – *с* тыбышы, 39398 ирет катталып, жылчыкчылдардын 73,89% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулган *ш* тыбышы 2-орунда турат: жыштыгы - 6793, үлүшү - 1274%.

3.Орто жыш колдонулган топтун курамы: *х* (4049 – 7,59%), *з* (2423 – 4,54%) үнсүздөрү. Топтун жыштыгы - 6 472, үлүшү - 12,14%.

4. Сейрек колдонулган топ *л, ғ* үнсүздөрү камтыйт: топтун жыштыгы - 523, үлүшү - 0,98%.

5. Өтө сейрек колдонулган топ *й ,в, р, ф* тыбыштарын камтыйт: жалпы жыштыгы - 136, үлүшү - 0,25%.

Жылчыкчыл үнсүздөрдүн статистикалык салмагы: 1-топ *(с)* 73,89%; 2-топ *(ш)* 12,74%; 3-топ *(х, з)* 12,14%; 4-топ *(л,ғ)* 0,98%; 5-топ *(й ,в, р, ф)* 0,25%.

Ошентип, эпос текстинде сөз башын уюштурган жарылмалар жалпы үнсүздөрдүн 90% үлүшүн ээлесе, жылчыкчылдар 10% үлүшүн ээлейт. Мындан сөз башындагы эң негизги функционалдык жүктү көтөрүп, лексикалык маани жүктөлгөн сөздүн уңгусун куроого дал ушул жарылма үнсүздөр катыша тургандыгы ачыкка чыгат. Бул маселе, албетте, текстештирме-тарыхый, этно-психо-антропо-когнито-лингвистикалык өңүттөн кеңири каралууга тийиш.

**2. Жасалуу орду.** Бул белги боюнча үнсүздөр төмөнкүдөй 6 топко бөлүнөт: эринчилдер *(п, б, м, ф, в)*, тишчилдер *(т, д, н, с, з, л)*, алдыңкы таңдайчылдар *(ч, ж, ш, р)*, орточулдар *(й)*, артчылдар (*к, г, х*), түпчүлдөр *(қ, ғ)*.

**Эринчилдер.** Жалпы жыштыгы - 136065, үлүшү - 24,11%. Булар колдонуу жыштыгына карай төмөнкүчө жиктелет:

1. Эң жыш колдонуп, 1-орунду ээлегени – *б* үнсүзү, 101 207 ирет катталып, сөз башын түзүүгө катышкан эринчилдердин 74,38% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулганы - *м* тыбышы: жыштыгы - 33490, үлүшү - 24,61%.

3. Серек колдонулганы – *п* тыбышы: жыштыгы - 1312, үлүшү - 0,96%.

4. Өтө сейрек колдонулганы – *в, ф* тыбыштары: топтун жыштыгы - 56, үлүшү - 0,04%.

Ошентип, эпос текстинин сөз башында колдонулган эринчилдердин статистикалык салмагы тө-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мөнкүчө жайгашат: 1-топ *(б)* 73,38%; 2-топ *(м)* 24,61%; 3-топ *(п)* 12,14%; 4-топ *(в,ф)* 0,4%.

**Тишчилдер.** Курамы: *т, с, д, н, з, л* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 138110, үлүшү - 24,47%≈ 25%.

Тишчилдер колдонуу жыштыгы жагынан төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулганы – *т* тыбышы, 60507 ирет катталып, тишчилдердин 43,81% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулуп, 28,53% үлүштү камтыганы – *с* үнсүзү, сөз башында 39398 ирет катталган.

3. Орто жыш колдонулуп, 3-орунду ээлегени – *д* (28212 – 20,43%) тыбышы.

4. Сейрек колдонулганы - *н, з* тыбыштары: жалпы жыштыгы – 9667, үлүшү - 7%.

5. Өтө сейрек колдонулганы - *л* тыбышы, 326 ирет катталып, сөз башындагы тишчилдердин 0,24% үлүшүн гана камтыйт.

Ошентип, сөз башында келген тишчил үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү *т* үнсүзү болсо, эң алсызы *л* үнсүзү болот экен.

**Алдыңкы таңдайчылдар.** Курамы: *ж, ч, ш, р* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 102828, үлүшү - 18,22%. Булар колдонуу жыштыгы боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулганы – *ж* тыбышы, 68305 ирет колдонулуп, сөз башындагы алдыңкы таңдайчылдардын 66,45% үлүшүнө ээлик кылат.

2. Жыш колдонулганы – *ч* тыбышы: жыштыгы – 27711, үлүшү - 26,95%.

3. Сейрек колдонулганы – *ш* тыбышы, 6793 ирет колдонулуп, 6,61% үлүштү камтыйт.

4. Өтө сейрек колдонулганы – *р* үнсүзү, 19 ирет колдонулуп, сөз башын түзүүгө катышкан алдыңкы таңдайчылдардын 0,02% үлүшүн ээлейт.

Демек, эпос текстинин сөз башында колдонулган алдыңкы таңдайчылдардын ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *ж* тыбышы болсо, эң алсызы – *р* тыбышы болот экен.

**Орточул үнсүздөр.** Курамы жалгыз гана *й* үнсүз тыбышын камтыйт. Жыштыгы - 61, үлүшү - 0,01%. Демек, эпос текстинде сөз башы үчүн мүнөздүү эмес.

**Артчыл үнсүздөр.** Курамы: *к, г, х* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 77543, үлүшү - 13,74%. Булар колдонуу жыштыгы боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Эң жыш колдонулганы - *к* тыбышы: жыштыгы - 71 581, үлүшү - 92,31%. Демек, сөз башында келген ар бир 10 артчыл үнсүздүн тогуздан ашыгын *к* тыбышы түзөт экен.

2. Орто жыш колдонулганы – *х* тыбышы, 4049 ирет катталып, 5,22% үлүштү ээлейт.

3. Сейрек колдонулганы – *г* тыбышы: жыштыгы - 1913, үлүшү - 2,47%.

Сөз башында такыр колдонулбаган тыбыш катары *ң* тыбышы табылат.

Ошентип, сөз башындагы артчылдардын ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү - *к* тыбышы, эң алсызы – *г* үнсүзү, ал эми такыр колдонулбаганы - *ң* үнсүзү.

**Түпчүл үнсүздөр.** Курамы: *қ, ғ* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы – 109752, үлүшү - 19,45% ≈ 20%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө жиктелет:

1. Эпос текстинин сөз башында эң жыш колдонулуп, түпчүлдөрдүн жалпы колдонулушунун 99,82% үлүшүн камтыган тыбыш – *қ* үнсүзү. Демек, сөз башында келген 100 түпчүл үнсүздүн дээрлик жүз пайызга чукулу *қ* тыбышына туура келет экен.

2. Өтө сейрек колдонулганы - 0,18% үлүштү камтыган *ғ* тыбышы, сөз башында, болгону 197 ирет катталган экен.

Демек, сөз башында колдонулушу жагынан эң күчтүүсү *қ* тыбышы болсо, эң алсызы – *ғ* үнсүзү болот. Ал эми сөз башын түзүүгө такыр катышпаганы *ң* үнсүзү экени анык.

Ошентип, сөз башында колдонулган үнсүздөр жасалуу ордуна карай фоностатистикалык жактан төмөнкүчө тастыкталат:

| | | |
|---|---|---|
| тишчилдер*(т, д, н, с, з, л)* | 138 110 | 24,47% |
| эринчилдер *(п, б, м, ф, в)* | 136065 | 24,11% |
| түпчүлдөр *(қ, ғ, ң)* | 109 752 | 19,45% |
| алдыңкы таңдайчылдар *(ч,ж,ш,р)* | 102828 | 18,22% |
| артчылдар*(к, г, х, ң)* | 77 543 | 13,74% |
| орточул (*й*) | 61 | 0,01% |
| **Бардыгы:** | **564 359** | **100%** |

Мындан төмөнкүдөй бүтүм келип чыгат:

1. Сөз башында функционалдык жыш колдонулган жагынан 1 - орунду эң жыш колдонулган тишчилдер ээлеп, 24,47% үлүшүн камтыйт.

2. Функционалдык жактан 2-орунду жыш колдонулган эринчилдер ээлейт да, колдонуу жыштыгы 136065, үлүшү 24% болот.

3. Функционалдык жактан 3-орунду орто жыш колдонулган түпчүлдөр менен алдыңкы таңдайчылдар бөлүшөт. Булардын жалпы жыштыгы - 212580, үлүшү - 37,67%.

4. Функционалдык жактан 4-орунда сейрек колдонулган артчылдар туруп, сөз башы үнсүздөрдүн 13,74% үлүшүн камтыйт.

5. Функционалдык жактан 5-орунду сөз башында өтө сейрек колдонулган орточул *й* үнсүзү ээлейт: жыштыгы - 61, үлүшү - 0,01%.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ошентип, эпос текстиндеги сөз башын кураган үнсүздөрдүн ичинен жасалуу ордуна карай функционалдык жактан эң күчтүүсү – тишчил үнсүздөр, күчтүүсү – эринчилдер, орто күчтүүсү-түпчүлдөр, алдыңкы таңдайчылдар, алсыздары-артчылдар, өтө алсыздары – орточулдар болот.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын сүйлөө органдарынын активдүүлүк даражасы менен улуттук мүнөзүн купуя тейде чагылдырган бул маалыматтар антрополингвистикалык өңүттөн тереңден териштирүүнү талап этет. Ошол эле маалда бул сандык маалыматтардан кыргыз тилинде тил учунун тиштерге тийишип же жакындашуу аркылуу жасалган тишчил үнсүздөрдүн 24,47% үлүшү башка катарларга караганда алда канча басымдуу экендигин баса белгилей кетүү зарыл. Мындан кыргыздар сүйлөп жаткан учурда сөз башында ооздон чыккан ар бир 10 үнсүздүн экиден ашыгы тишчил болот деген бүтүм келип чыгат. Эгерде тишчил жана алдыңкы таңдайчыл үнсүздөрдүн жасалышында активдүү орган катары тилибиздин учу катышарын эске алсак, анда тил учунан жасалган уччул үнсүздөрдүн жалпы үлүшү болжол менен 50%га чаап барарын аныктоо кыйынга турбайт. Башкача айтканда, кыргыздардын кебинде колдонулган сөз башындагы ар бир 10 үнсүздүн бешке чукулу уччул үнсүздөрдөн болот.

**3. Түгөйлөш-уяңдык белгиси**. Бул белги үнсүздөрдү түгөйлөш жана уяң үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт.

**Түгөйлөш үнсүздөр.** Курамы: *п-б, т-д, ч-ж, к-г, қ-ғ, с-з, ф-в, ш-ø, х-ø,* жалпы жыштыгы - 523219, үлүшү 92,71% ≈ 93%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө жиктелет:

1. Эң жыш колдонулуп, функционалдык жактан эң күчтүүсү – *қ, б* үнсүздөрү, 210762 ирет катталып, сөз башындагы түгөйлөш үнсүздөрдүн 40,28% үлүшүн ээлейт.

2. Жыш колдонулган 2-топтун курамы: *к* (71581–13,68%), *ж* (68305 – 13,05%), *т* (60507 – 11,56%) тыбыштары. Топ жыштыгы - 200393, үлүшү - 38,3%.

3. Орто жыштыктагы 3-топтун курамы: *с* (39398 – 7,53%), *д* (28212 – 5,39%), *ч* (27711 – 5,30%) тыбыштары. Топтун жыштыгы - 95321, үлүшү - 18,22%.

4. Сейрек жыштыктагы 4-топтун курамын: *ш* (6793 – 1,30%), *х* (4049 – 0,77%), *з* (2423 – 0,46%), *ғ* (1913 – 0,37%), *п* (1312 – 0,25%) тыбыштары. Топтун жыштыгы - 16490, үлүшү - 3,15%.

5. Өтө сейрек колдонулган 5-топтун курамы: *г* (197 –0,04%), *в* (55 – 0,01%), *ф* (1 – 0,0001%). Топтун жалпы жыштыгы - 253, үлүшү - 0,05%.

Демек, эпос текстиндеги сөз башын кураган түгөйлөштөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү – *қ, б* үнсүздөрү болсо, эң алсызы – *г, в, ф* үнсүздөрү болот экен.

**Уяң үнсүздөр.** Курамы: *м, н, л, р, й* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 41140, үлүшү - 7,29% ≈ 7%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Эң жыш колдонулуп, функционалдык жактан эң күчтүүсү – *м* үнсүзү, сөз башында келген уяң үнсүздөрдүн 81,4% үлүшүн камтыйт.

2. Жыш колдонулуп, 2-орунду ээлегени – *н* тыбышы, 7244 ирет колдонулуп, сөз башындагы уяң үнсүздөрдүн 17,61% үлүшүн камтыйт.

3. Сейрек колдонулган 3-топтун курамы: *л* (326-0,79%), *й* (61-0,15%), *р* (19-0,05%). Бул топтун үлүшү - 1%га чамалуу.

Ошентип, сөз башында келген уяң үнсүздөрдүн ичинен эң күчтүүсү – *м* үнсүзү, орто күчтүүсү – *н* үнсүзү, эң алсызы – *л, й, р* үнсүздөрү, ал эми *ң* үнсүзү сөз башында эч качан келбейт.

**4. Каткалаң-жумшактык белгиси.** Бул белги үнсүздөрдүн үн катышып же катышпай айтылышына негизделет да, аларды каткалаң жана жумшак үнсүздөр деген эки чоң топко бөлөт [140: 114].

**Каткалаңдар.** Курамы: *т, қ, к, с, ч, ш, п, х, ф,* жалпы жыштыгы - 320907, үлүшү - 56,86% ≈ 57%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулуп, 1-орунда турганы – *қ* үнсүзү, 109555 ирет катталып, сөз башында колдонулган каткалаң үнсүздөрдүн 34,14% үлүшүн ээлейт.

2. Жыш колдонулган 2-топтун курамы: *к, т* тыбыштары. Топтун жыштыгы - 132 088, үлүшү - 41,16%.

3. Орто жыш колдонулган 3-топтун курамы: *с, ч* үнсүздөрү. Топтун жыштыгы - 67109, үлүшү - 20,91%.

4. Сейрек жыштыктагы 4-топтун курамы: *ш* (6793 – 2,12%), *х* (4049 – 1,26%), *п* (1312 – 0,41%), *ф* (1 – 0,0003%) үнсүздөрү. Топтун жыштыгы - 12155, үлүшү - 3,8%.

Демек, сөз башында келген каткалаң үнсүздөрдүн ичинен эң күчтүүсү – *қ* тыбышы, күчтүүлөрү – *к, т* үнсүздөрү, орто күчтүүлөрү – *с, ч* үнсүздөрү, алсыздары – *ш, х, п, ф* үнсүздөрү.

**Жумшактар.** Курамы: *б, в, г, д, ж, з, ғ* үнсүздөрү, жалпы жыштыгы - 202312, үлүшү - 35,85% ≈ 35%. Булар колдонуу жыштыгы менен үлүшү боюнча төмөнкүчө бөлүнөт:

1. Сөз башында эң жыш колдонулуп, 1-орунда турганы – *б* үнсүзү, үлүшү - 50%.

2. Жыш колдонулган 2-топ *ж* үнсүзүн камтыйт: жыштыгы - 68305, үлүшү - 33,76%.

3. Орто жыш колдонулган 3-топтун курамы: *д* үнсүзү. Жыштыгы - 28212, үлүшү - 14%.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



4. Сейрек колдонулган 4-топтун курамы: *з* (2423 – 1,20%), *г* (1913 – 0,95%). Топтун жыштыгы - 4336, үлүшү - 2,15%.

5. Өтө сейрек колдонулган 5-топ *ғ, в* тыбыштарын камтыйт. Топтун жыштыгы - 242, үлүшү - 0,13%.

Демек, эпос текстинин сөз башында колдонулган жумшак үнсүздөрдүн ичинен функционалдык жактан эң күчтүүсү – *б* үнсүзү, эң алсызы – *ғ, в* үнсүздөрү болот.

Ал эми эпос текстинде сөз башын уюштурууга катышкан үнсүздөрдүн ичинен 57% үлүш каткалаңдарга, 36% үлүш жумшактарга жана 7% үлүш уяңдарга тиешелүү болот экен.

Ошентип, эпос текстин түзүүгө катышкан үнсүздөрдүн сөз башындагы колдонулушунда жарылма-жылчыкчылдык белгиси боюнча функционалдык жактан эң күчтүүсү-жарылмалар, алсызы – жылчыкчылдар (жарылмалар - 91%, жылчыкчылдар - 9%), жасалуу орду боюнча эң күчтүүсү – тишчилдер, эң алсызы – орточулдар ( тишчилдер - 25%, эринчилдер - 24%, түпчүлдөр - 19%, алдыңкы таңдайчылдар - 18%, артчылдар - 14%, орточулдар - 0%), түгөйлөш-уяңдык белгиси боюнча эң күчтүүсү – түгөйлөштөр, алсызы – уяңдар (түгөйлөштөр - 93%, уяңдар - 7%), каткалаң-жумшактык белгиси боюнча эң күчтүүсү – каткалаңдар, алсызы – жумшактар (текстте: каткалаңдар - 57%, жумшактар - 36%) болот.

Кыргыздардын сүйлөө органдарынын активдүүлүк даражасы менен улуттук мүнөзүн купуя тейде жана кыйыр түрдө чагылдырган бул маалыматтар антрополингвистикалык өңүттөн тереңден териштирүүнү талап этери шексиз.

**Адабияттар:**


1. Жусуп Мамай. Манас [Текст] / Жусуп Мамай. - Кытай: Шинжаң эл бас., 2004. - 1782-б.
2. Жүсүп Мамай. Манас [Текст] / Транслитерация: А. Мукаш кызы, Ч.Субакожоева, Б.Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат», 2014. - 752-б.
3. Жүсүп Мамай. Семетей [Текст] / Транслитерация: Мукаш кызы А., Ч.Субакожоева, Б.Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат», 2014. - 500-б.
4. Жүсүп Мамай. Сейтек [Текст] / Транслитерация: Мукаш кызы А., Ч.Субакожоева, Б.Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат», 2014. - 324-б.
5. Жүсүп Мамай. Кененим[Текст] / Транслитерация: Мукаш кызы А., Ч.Субакожоева, Б.Иличбекова. - Б.: ЖЧК «ИПК Максат», 2014. - 464-б.
6. Садыков Т., Токтоналиев К. Азыркы кыргыз тили: фонетика жана фонология. - Б., 2015.
7. Жумалиев С.С. «Манас» и Чынгыз Айтматов: связь исторической реалии в истории, языке и литературы (Хроно-топологическая стратификация эпоса «Манас»). / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 5. С. 212-217.
8. Шерова А. О классификации согласных в кыргызском языке. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 6. С. 196-198.